УДК: 372.893
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/1-250-257

**Жыргалбекова Г.К.**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# МЕКТЕПТЕ ТАРЫХТЫ ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ ПРЕДМЕТИН ОКУП ҮЙРӨНҮҮНҮН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

**Аннотация.** Макалада Э. Ж. Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институтунда тарых мугалимдерин даярдоодо негизги предмет катары Тарыхты окутуунун методикасын окуп үйрөнүүнүн маселелери камтылган. Окутуу методикасы боюнча окуу программалары, окуу китептери, окуу-методикалык куралдар, окуу-методикалык комплекстер (ОМК) иштелип чыккандыгы ачылып берилген. Тарыхты окутуу методикасынын лабораториясы жалпы билим берүүчү мектептерде педагогикалык практикаларды өткөрүүнүн шарттарын жана анын натыйжалары талданган. “Мектеп-ЖОЖ” ортосундагы педагогикалык байланыштардын шарттары боюнча пикирлер каралган. Окутуунун традициялуу методдорун колдонуудан интерактивдүү ыкмаларга өтүүдө Кыргызстан-Сорос фондунун “Сынчыл ойломду өнүктүрүүдөгү окуу жана жазуу” (Критическое мышление) программасынын стратегиялары белгиленген.

Тарыхты окутуунун методикасын окуп үйрөнүүдө театралдаштырылган инсценировкалар институттун студенттеринин алгачкы тажрыйбаларынан болгондугу баяндалган. Э. Ж. Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институтунун бүтүрүүчүлөрү менен жүргүзүлгөн иштердин мазмуну каралган. Макала И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин 80 жылдык юбилейине арналды.

**Негизги сөздөр:** тарых, методика, окутуу, лаборатория, педагогикалык практика, мамлекеттик билим берүү стандарты, окуу пландары, окуу программалары, окуу-методикалык комплекс, сынчыл ойлом, жумушчу программалар, мугалимдер үчүн методикалык колдонмолор. “Мектеп-ЖОЖ” байланыштары.

**Жыргалбекова Г.К.**
кандидат исторических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# МЕТОДИКА ПРЕПОДАВАНИЯ ИСТОРИИ В ШКОЛЕ: НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ИЗУЧЕНИЯ ПРЕДМЕТА

**Аннотация.** В статье рассматриваются основные вопросы формирования методики преподавания истории, которая является одним из основных предметов в системе подготовки учителей истории в Институте истории и социально-правового образования имени Э. Ж. Маанаева. Отмечено, что учебные программы, учебники, учебные пособия и учебно-методические комплексы (УМК) разработаны в соответствии с методикой преподавания. Проанализированы условия и результаты педагогической практики, проводимой в общеобразовательных школах – лабораториях методики преподавания истории. Рассмотрены

мнения об условиях педагогических отношений «Школа – Вуз». Стратегия программы Фонда «Кыргызстан-Сорос» «Чтение и письмо для развития критического мышления» будет обсуждаться в контексте перехода от традиционных методов обучения к интерактивным.

Описано, что театрализованные представления в преподавании методики преподавания истории были одним из первых опытов студентов института. Раскрываются методические соображения, связанные с наименованием современного метода обучения. Рассматривается содержание работы, проводимой с выпускниками Института истории и социально-правового образования имени Э. Ж. Маанаева. Статья посвящена 80-летию Кыргызского государственного университета имени И.Арабаева.

**Ключевые слова:** история, методика, обучение, лаборатория, педагогическая практика, государственный образовательный стандарт, учебные планы, учебные программы, учебно-методические комплексы, критическое мышление, рабочие программы, методическое пособие для учителей.

**G.K. Zhyrgalbekova**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## METHODOLOGY OF TEACHING HISTORY IN SCHOOL: SOME ISSUES IN STUDYING THE SUBJECT

**Abstract.** The article examines the main issues related to the formation of the methodology of teaching history, which is one of the core subjects in the system of training history teachers at the E. Zh. Maanaev Institute of History and Social-Legal Education. It is noted that curricula, textbooks, teaching manuals, and educational-methodological complexes (EMCs) have been developed in accordance with the methodology of teaching. The conditions and results of pedagogical practice conducted in general education schools - laboratories for the methodology of teaching history - are analyzed. Opinions concerning the conditions of pedagogical relations between “School - University” are considered.

The strategy of the Soros Foundation-Kyrgyzstan program “Reading and Writing for Critical Thinking” is discussed in the context of the transition from traditional to interactive teaching methods. It is described that theatrical performances in teaching the methodology of history were among the first practical experiences of the institute’s students. Methodological considerations related to the naming of modern teaching methods are revealed. The article also discusses the content of the work carried out with graduates of the E. Zh. Maanaev Institute of History and Social-Legal Education. The article is dedicated to the 80th anniversary of the Kyrgyz State University named after I. Arabaev.

**Keywords:** history, methodology, teaching, laboratory, pedagogical practice, state educational standard, curricula, academic programs, educational-methodological complexes, critical thinking, syllabi, methodological guide for teachers.

Үстүбүздөгү жылы педагогикалык билим берүүнүн флагманы болгон И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети 80 жылдык юбилейин белгиледи.
Аталган окуу жайдын сайтында юбилейлик датага карата окуу жайдын түзүмдөрүнүн кыскача тарыхтары чагылдырылган [1].

Окуу жайдын 80 жылдык тарыхына кайрылууда бул юбилейлик датанын алкагында окуу процессинде абдан маанилүү орунда турган окуу-методикалык багыттагы маселелерге токтолууну туура көрдүм. И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин статусу бир нече жолу өзгөргөнүнө жана адистерди даярдоо боюнча профилинин кеңейгенине карабастан, профессордук-окутуучу курамдын келечектеги адистерди даярдоо маданиятында, студенттерге болгон мамилелердин өзөгүндө, педагогикалык маанай баамдалат.

1997–1998-окуу жылында И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинде Табыгый-гуманитардык билим берүү борбору (ОЦЕГН) түзүлүп, анын курамында Коомдук илимдердин департаменти (ДОН) окуу процессин жүргүзө баштаган эле. Бул түзүм Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, тарых илимдеринин доктору, профессор Эгемберди Жумагулович Маанаевдин демилгеси менен түптөлгөн.

Департаменттин окуу пландарына ылайык предметтер боюнча сааттар окутуучулардын жүктөмдөрү катары бөлүнгөн. Эгемберди Жумагулович бул ишке өзү толук бойдон кийлигишип, окутуучулук-профессордук курамдын кесиптик мүмкүнчүлүктөрүнө жараша тыкандык менен чечкен. Ушундай шартта, ал кездеги окуу пландарына ылайык, Тарыхты окутуунун методикасы предмети боюнча лекцияны ким окуйт? Практикалык сабакты ким жүргүзөт? – деген суроо келип чыккан. Ошондо «Жыргалбекова Гүльнара сен мектепте иштеген турбайсынбы, ушул предметти сен жүргүзөсүң» – деп эле Эгемберди Жумагуловичтин мага кесе айтып койгону, али эсимде. Мен эмне дээримди билбей эле туруп калган элем. Ошентип, тарыхты окутуунун методикасы предметин СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде А. Чукубаев, К. Садабаева деген эже-агайларыбыздан дарс укканыбызды эстеп, билим алып чыккан альма материбиз Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине багыт алдым. Албетте, биз окуп чыккан XX кылымдын 80-жылдарынан бери карай тарыхый билим берүү көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болбодубу. Тарых факультетине келгенимде, бул предметти доцент Узбеков Сатар агай жүргүзөөрү маалым болду. Агай СССР тарап кеткенден кийин, Москвадан келген типтүү программаларга өзгөртүү киргизүү менен кайра иштелип чыккан, предметтик программаны сунуштады. Ошол предметтик типтүү программа Тарыхты окутуунун методикасы предметин окутууга базалык кызмат аткарды. Окуу планына ылайык, жалпы көлөмүн ылайыкташтырып, мазмунуна айрым кошумчаларды, толуктоолорду киргизүү менен Тарыхты окутуунун методикасы предмети боюнча программалар кайрадан иштелип чыкты [2].

Билим берүү чөйрөсү феномени билим берүүнү коомдук турмуштун чөйрөсү катары, ал эми айлана-чөйрөнү тарбиялоонун фактору катары заманбап түшүнүүгө байланышкан позициялардан каралат [23, 218 б.].

Окутуунун методикасында колдонулуп келген традициялуу ыкмалардан интерактивдүү ыкмаларга туташ өтүү шартында Кыргызстан-Сорос фонду тарабынан өткөрүлгөн “Сынчыл ойломду өнүктүрүүдөгү окуу жана жазуу” программасынын 120 сааттык курсун эки семестрдик окуу жылы аралыгында кабыл алдык. Программанын 20дан ашуун стратегияларын сабактарда колдонуу жолдорун үйрөнүп, интерактивдүү методдордун жана каражаттардын философиясын өздөштүрдүк [3].

Мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу планындагы предметтер боюнча окуу китептери менен камсыз кылуу – профессордук-окутуучулук курамдын негизги милдети. Ошондуктан жогоруда айтылгандай, окуу планынын базалык бөлүгүндөгү предметтерден болгон Тарыхты окутуунун методикасы предмети боюнча программа иштелип чыккан соң,

лекциялардын курсун (ал жылдары ОМК деген талап жок эле) иштеп чыгуу маселеси турду. Программага ылайык окутуунун мазмунун түзүп чыгуу процессинде лекциялардын тематикалык курсун топтоп баштадык.

Бул жылдары жогоруда белгиленгендей биздин бир нече аталыштар менен толукталган, кафедранын алкагында түзүлгөн Коомдук илимдер департаментинде (ДОН), Коомдук адистерди даярдоо борборунда (ЦПСО) тарыхый-илимий кадрлардын тартыштыгына байланыштуу профессор Э. Ж. Маанаев ар бирибизге илимий консультацияларды берип баштаган. Институттун илимий потенциалын жогорулатуу максатында бир катарыбыздын тарых илими боюнча темаларын жетекчиликке алып, илимий даражага ээ кылды [4]. Ошол жылдарда (2004–2012) андан ары илимий наамга (доценттик) ээ болууда (Жогорку аттестациялык комиссиянын талабы боюнча окуу-методикалык курал иштеп чыгуу), окуу куралдарын иштеп чыгып, студенттерге сунуштоо орчундуу маселелерден болчу. 1997–1998-окуу жылынан баштап, 2003–2004-окуу жылына чейинки аралыктагы окуу процессинде иштелип чыккан материалдардын негизинде предмет боюнча студенттер үчүн окуу куралы жазылып, жактырылып, университеттин окуу-методикалык кеңеши (ОМК) аркылуу басмага сунушталып, жарыкка чыкты [5]. Эмгекте жалпы билим берүүчү жана жогорку окуу жайларында тарыхты окуп үйрөнүүнүн методикалык принциптери жана мазмуну талданат, анын негизги түшүнүктөрү жана мыйзам ченемдүүлүктөрү азыркы илимий көз караште каралат. Эмгек тарыхый билимди натыйжалуу өздөштүрүүнүн теориялык жана практикалык маселелери менен камтылып, институттун студенттери үчүн предметти окутууга абдан натыйжалуу материал болду. Окуу куралы 2014-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин грифи менен чыгарууга сунушталып, кайрадан басмадан чыкты.

Тарыхты окутуунун методикасы окуу китебине республиканын башка жогорку окуу жайларынан суроо-талаптар түштү. Алсак, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун директору, педагогика илимдеринин кандидаты, азыркы учурда педагогика илимдеринин доктору Б. Зулуев өзү иштеген окуу жайына бир нече нускада сатып алып, окуу китебинин автору катары конок лекциясына чакырган эле. Конок лекциянын жыйынтыгында Тарыхты окутуунун методикасы окуу китебинен айрым темалар жана типтүү программа презентацияланган.

Ушундай шарттарда предметке болгон кызыгуу арта баштады. Тарыхты окутуунун методикасы предмети окутуу, үйрөтүү өңүтүнөн алып караганда педагогика илиминин бир тармагы болуп саналат. Педагогика боюнча бүтүрүүчү мамлекеттик экзаменин тапшырууда, анын үчүнчү суроосу тарыхты окутуунун методикасы предметинен кирет. Ошондуктан мамлекеттик экзамендин суроолору жана алардын жооптору менен методикалык колдонмо иштеп чыктык [6]. Колдонмо мамлекеттик экзаменге даярданууда студент-бүтүрүүчүгө абдан эле натыйжалуу методикалык жардам берди. Ал студент-бүтүрүүчүнүн экзаменде берген жоопторунан байкалды. Тарыхты окутуунун методикасы предметин студенттер тарабынан натыйжалуу өздөштүрүү багытында тарых жана педагогика илимдериндеги жаңы илимий концепцияларды талдап, баалап жеткирүүгө туура келет. Алсак, тарыхты окутууга евроцентристтик мамиле абдан күчтүү шартта, окутуу мазмунунда формациялык мамиленин орношу, ал эми совет соңунда тарыхты окутуудагы цивилизациялык мамиле менен алмашуусуна байланыштуу материалдардын үстүндө иштедик [7].

Окутуу процессинде предмет аралык байланыштар окутуунун натыйжалуулугун жогорулатат. Тактап айтканда, тарых-география, тарых-адабият предметтери менен тыгыз

байланыштуу. Көркөм чыгармаларды колдонуу окуяларды тарыхый чындык менен байланыштырган элестетүүлөрдү пайда кылат [8].

Тарыхты окутуунун методикасын окутууда, студенттер менен бирге окуп үйрөнүлө турган материалдардын мазмунун өздөштүрүүдө, тарыхый инсандардын тарыхтагы орду тууралуу инсценировкаларды жараттык. Инсценировка «XIX кылымдын тарыхый инсандары жана алардын ишмердүүлүгү» деп аталып, Кокон хандыгынын коомдук-саясий турмушунда тарыхый орду бар Нүзүп бийдин Кыргызстандын тарыхындагы бейнесин ачып көрсөтүүгө арналган [9].

Профессор Э. Ж. Маанаев бул иш-чарага абдан жогору маани бергени видеофильмде айтылат.

Предметтин дагы бир өзгөчөлүгү, окутуунун методикасынын лабораториясы – жалпы билим берүүчү мектеп. Ушуга байланыштуу предмет окуу планындагы педагогикалык практикалар менен түздөн-түз жана тыгыз байланыштуу. Ооба, окутуунун, тарбиялоонун лабораториясы – жалпы билим берүүчү мектеп. Анда тарбияланып жаткан жаш муундар өлкөнүн улуттук байлыгынын өзөгүн түзөт.

Институттун окуу планына ылайык, студенттер 4-курста, 8-семестрде алты жумалык, 5-курста 9-семестрде жети жумалык педагогикалык практиканы өтүшкөн. Студенттин теориялык билимин практикалык жөндөмдөрү менен айкалыштыруу мектеп менен жогорку окуу жайлардын, окуучулар менен практиканттын тыгыз биргелешкен ишмердүүлүгүндө гана ишке ашырылат. Кафедранын тажрыйбалуу окутуучулары студент-практиканттарга методист болуп дайындалып, мектептин тарых жана башка предметник мугалимдери менен бирдикте иш алып барышкан. Студент-практикант негизинен эки багытта: предметник катары тарых, укук, экономиканын негиздери сабактарынан беришкен жана белгилүү класста класс жетекчиси катары иш алып барышкан.

Методист ар бир жума сайын эки сааттан убактысын бөлүп, практиканттын сабагына катышуу менен окуу-методикалык жардам берген. Ар бир өтүлгөн сабакты студенттер менен талдоодо педагогикалык кесипке байланыштуу жөндөмдөр калыптанган. Практика учурунда студенттин окутуу ишмердигине болгон мамилеси жогорулаган. Предметник мугалим менен методисттин биргелешип койгон объективдүү талаптары, практиканын ийгиликтүү өтүшүнө таасирин тийгизген. Педагогикалык практиканын жыйынтыктары мектептин администрациясынын катышуусу менен педагогикалык кеңеште талкууланып, жыйынтыкталган. Студент-практиканттын социалдык жана кесиптик компетенцияларга ээ болуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. Жыйынтыктоочу конференцияда отчетторун угуп отуруп, кандай пикирлерди айтууга болот? Албетте, студенттер педагогикалык практикага белгилүү теориялык даярдыктар менен келгендигин, мектептин босогосун мугалим катары аттаганы анын турмушундагы белгилүү окуя катары эсинде кала тургандыгын айтышат. Методика сабагында берилген окутуунун методдорун, ыкмаларын колдонуу, көрсөтмөлөр тууралуу кеңештер пайдалуу болгондугун эскеришет. Колундагы педагогикалык практиканын программасы, күндөлүгүндө көрсөтүлүп турган инструкцияларга ылайык аткарыла тургандыгын белгилешет. Практиканттын алгачкы кадамы мектеп, класс коллективи, мугалимдер, айрыкча предметниктин сабактарына катышуу менен анын тажрыйбасын, ыкмаларын үйрөнгөн. Класстын жана мектептин окуу-тарбия иштерине катышып, класс жетекчиге жардамдашкан. Кийинки жумада өтө турган сабактардын системасы боюнча план-конспектилерди даярдашкан. Предметник мугалим пландаштырылган тема боюнча сабак өтүүгө жолдомо бергенден кийин көнүгүү сабактарын өтүүгө киришкен. Көнүгүү

сабактарынан белгилүү тажрыйба алып, сынак сабактарын өтүүгө бел байлашкан. Педагогикалык практика мезгилинде студенттин календарлык план боюнча өтүлгөн темалары өздөштүрүлгөн. Практиканын жыйынтыгында студент өзүн мугалим жана тарбиячы катары сезимдерге ээ болгон. “Мектеп-ЖОЖ” ортосундагы педагогикалык байланыштардын калыптанышы жана өнүгүшү боюнча илимий-методикалык пикирлерди байма-май басма сөз беттеринде педагогикалык коомчулук менен бөлүшүп турдук [10].

Убакыттын өтүшү менен Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагынын дүйнөлүк билим берүү системасына трансформацияланышы, интеграцияланышы менен байланыштуу өзгөрүүлөр тармактын жогорку кесиптик билим берүү эки баскычтуу 4+2=6 деңгээлине кирген.

Э. Ж. Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институту жогорку кесиптик билим берүүнүн Социалдык-экономикалык билим берүү 550400 стандартынын негизинде жүргүзүүгө өткөн. Социалдык-экономикалык билим берүү бакалавры адистигине даярдоо, аталып жаткан билим берүү стандартына ылайык иштелип чыккан окуу планынын негизинде даярдалган [11].

Ал эми окуу планынын базалык бөлүгүндө камтылган Социалдык-экономикалык билимдерди окутуунун методикасы предмети 12 кредитти камтып, 5 семестрлик окуу жүктөмүнөн турат. Эми биздин алдыбызда, университеттин Окуу-методикалык кеңешинде каралган маселеге боюнча предметтерден типтүү программаларды иштеп чыгуу маселеси коюлган. Окуу планында каралган семестровкаларга ылайык, Социалдык-экономикалык билимдерди окутуунун методикасы боюнча 6 семестрлик типтүү программа иштелип чыккан [12]. Типтүү программа жогорку кесиптик билим берүүнүн 550400 социалдык-экономикалык билим берүү бакалавры академиялык даражасына даярдоонун мамлекеттик стандартына ылайык «Тарых жана социалдык-экономикалык билимдерди окутуунун методикасы» предметин окуп үйрөнүүгө арналган.

Жогоруда биз окутуунун методикасынын лабораториясы – мектеп деп белгилебедикби. Демек, бул предметти аркалап, мектептин педагогикалык практикалары боюнча ишмердиктерди аткарууда, биздин бүтүрүүчүлөрдүн мектептерге барып жумушка жайгашып, тактап айтканда тарыхый билимдерди окуучуларга жеткирип, анын тарбиялык ролун сезишсе экен деген ниеттер болот. Натыйжада, мугалимдик кесипти аркалоого даярбы? алардын кесиптик деңгээлине туура келеби?

Биз компетенттүү мугалимдерди даярдадыкпы? – деген сыяктуу көптөгөн суроолорду өзүбүзгө берип келебиз.

Институтта укуктук-жоболук документтердин негизинде билим берүүнүн педагогикалык багытындагы өзгөрүүлөргө байланыштуу стандартка профилдер берилген: алар «Тарых», «Адам жана коом», «Диндердин өнүгүү тарыхы» деп аталат. Ошондуктан «Тарыхты окутуунун методикасы предмети», «Социалдык-экономикалык билимдерди окутуунун методикасы» деп аталды. Предметке киришүүдө, студенттерге: “силер келечекте жалпы билим берүүчү мектептерге барып иштегенде, байыркы мезгилден тартып азыркы мезгилге чейин Кыргызстандын тарыхы менен Дүйнө тарыхынан, «Адам жана коом» предметинен, «Диндердин өнүгүү тарыхынан” сабак бересинер. Мына ушул предметтердин мазмунунда социалдык-экономикалык билимдер жатат деген методикалык маалыматтарды жеткиребиз. Жогоруда айтылгандай эле предметтин педагогикалык практикалар менен байланышы улантылды. Аталган стандарттагы 4.7. пунктунда, “Бакалавриаттын негизги билим берүү программасындагы “Практика” бөлүмү студентти кесиптик-практикалык жактан

даярдоого түздөн-түз багытталган милдеттүү түрдө аткарыла турган окуу сабагынын бир түрү болуп эсептелет.

**Педагогикалык практика:** Жумасына бир күн «Мектеп күнү» деп аталган көнүктүрүү-педагогикалык практика экинчи курста башталат жана окуу жараянынын графигине сөзсүз киргизилип, сабактардын жүгүртмөсүн түзүүдө эске алынып, үзгүлтүксүз жүргүзүлөт [13]. Экинчи курстун студенттери үчүн көнүктүрүү- педагогикалык практикасы жуманын бир күнү расписаниеге киргизилип, ал күнү университетке келбестен, практика өтүлүүчү мектепте болушат. Кайра кийинки жумага чейин мектепке барышпайт. Бул практиканын жаңы түрү белгилүү пикирлерди жаратты. Көнүктүрүү-педагогикалык практикасынын педагогикалык-психологиялык багытында пайдалуу жагы дагы болбой койгон жок. Практиканттар бул практикада предметник катары эмес, класстын окуу-тарбия иштерине катышып, класс жетекчинин жардамчысы катары кызмат аткарышат.

Бир окуу жылы боюнча класстын окуучулары менен тыгыз иштөө шартында окутуу жана тарбиялоо процессине белгилүү деңгээлде көнүгүү мүмкүнчүлүгү ишке ашты. Кийинки жылдардагы предметтерден сабак берген кесиптик-базалык жана кесиптик-профилдик практикаларында методист катары сабактарына катышып отуруп, практиканттардын сабак учурунда окуучулардан сүрдөбөй, өздөрүн кадимки мугалим катары кармап, сабак бергендерин байкадык. Демек, психологиялык адаптация болду. Ошондой болсо дагы көнүктүрүү-педагогикалык практикасын мектептердин администрациясы жана педагогикалык коллективи: “студенттер бир эле күн мектепте болуп, кийинки жумага чейин мектепке келбей калышат экен. Бул мектеп үчүн эч кандай деле пайдалуу практика эмес деген пикирлерди жаратышты. Ошондуктан көнүктүрүү-педагогикалык практикасынын келечеги боюнча маселе келип чыкты.

2020–2021-окуу жылында Улуу Ата Мекендик согушта совет элинин жеңишинин 76 жылдыгына карата жалпы билим берүүчү мектептерде мугалим болуп иштеп жаткан институттун бүтүрүүчүлөрү арасында жеңишке арналган темалар боюнча сабактын конкурстары өткөрүлдү. Тематикалар мектептин мугалимдери, институттун методисттери менен биргелешип иштелип чыккан.

Окуу-методикалык ишмердиктеги натыйжалуу багыттардын бири жалпы билим берүүчү орто мектептерде тарых предмети боюнча мамлекеттик стандарттын жана окуу программасынын талабына ылайык, 5–6-класстардын окуу китептерине методикалык комплекстеринин иштелип чыгышы болду. Окуу-методикалык комплекстер предметтик стандарттагы окутууга компетенттүүлүк мамиленин негизинде жазылды [14].

Макаланы төмөнкүдөй жыйынтыктоого болот:

1. Тарыхты окутуунун методикасы – педагогика илимдеринин бир тармагы катары жогорку кесиптик билим берүүчү окуу жайларында келечектеги тарыхчы-педагогду даярдоодо окуу планынын базалык бөлүгүндөгү абдан маанилүү предмет.
2. Окутуунун методикасы негизинен үч маселени чечип турат: эмнеге окутуу, эмнени окутуу жана кантип окутуу? Эмнеге окутуу – бул окутуунун максаты жана милдеттери, эмнени окутуу – окутуунун мазмуну. Кантип окутуу – окутуунун методдору, ыкмалары жана каражаттары.
3. Тарыхты окутуунун методикасынын лабораториясы – мектеп. Ошондуктан «МЕКТЕП-ЖОЖ» байланыштарын бекемдөөнүн зарылдыгы ар дайым күн тартибиндеги маселе.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Жыргалбекова, Г. К. Методика преподавания истории: окуу программасы. – Бишкек, 2004. – 31 с.
2. Жыргалбекова, Г. К. Тарыхты окутуунун методикасы: окуу программасы. – Бишкек: ОсОО «Бишкектранзит», 2010. – 47 б.
3. Жыргалбекова, Г. К. Тарыхты окутуунун методикасы: окуу программасы. – Бишкек: Аракет-принт, 2014. – 47 б.
4. Жыргалбекова, Г. К. Кыргызстандагы кесиптик-техникалык билим берүү (1991–2000-жылдар): монография. – Бишкек, 2014. – 186 б.
5. Жыргалбекова, Г. К. Кыргызстандагы кесиптик башталгыч билим берүү тармагынын өзгөрүү абалы (1991–2000-жылдар): автореф. дис. … канд. ист. наук. – Бишкек: ЧП типография «Луиза», 2004. – 21 б.
6. Жыргалбекова, Г. К. Мектепте тарыхты окутуунун методикасы: жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу куралы. – Бишкек: Hi-Tech, 2010. – 186 б.
7. Жыргалбекова, Г. К. Мектепте тарыхты окутуунун методикасы: жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу куралы. – Бишкек: Hi-Tech, 2014. – 186 б.
8. Жыргалбекова, Г. К.; Карасартова, Ч. Ж. Тарыхты окутуунун методикасы: окуу-методикалык колдонмо. – Бишкек: ОсОО «Бишкектранзит», 2011. – 143 с.
9. Жыргалбекова, Г. К.; Карасартова, Ч. Ж. Методика преподавания истории: учеб. -метод. пособие для подготовки к гос. аттестации по специальности «История». – Бишкек: ОсОО «Бишкектранзит», 2014. – 120 с.
10. Жыргалбекова, Г. К.; Курумбаева, Г. Д. История мировых цивилизаций: окуу-методикалык комплекс. – Бишкек: КГУ им. И. Арабаева; ЭД «Биом», 2015. – 95 б.
11. Жыргалбекова, Г. К. Тарыхты окуп үйрөнүүдө предмет аралык байланыштардын мааниси (Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» романынын мисалында) // Жарчысы НМУ им. С. Нааматова. – 2021. – № 2. – Б. 27–32.
12. Алымбаев, Ж. Б. Кокон хандыгы жана Нүзүп миң башы. – Бишкек, 2015. – 239 б.
13. Жыргалбекова, Г. К. Болочок мугалим мектептен даярдалууга тийиш // Кут билим. – 2015. – 15 май. – Б. 3.
14. Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүү тармагында педагогикалык багыттагы социалдык-экономикалык билим берүү бакалавры академиялык даражасына даярдоо маселелери // Рух кенчи. – 2015. – 20 май. – Б. 4.
15. Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. 550000 педагогикалык багыт. 550400 социалдык-экономикалык билим берүү. Профилдери: тарых, коом таануу. – Бишкек, 2015. – 175 с.
16. Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. 5550000 педагогикалык багыттагы 550400 социалдык-экономикалык билим берүү. Академиялык даража: бакалавр. – Бишкек, 2021.
17. Жыргалбекова, Г. К.; Курманалиев, К. А. Социалдык-экономикалык билимдерди окутуунун методикасы предмети боюнча типтүү программа. – Бишкек, 2022.
18. Жыргалбекова, Г. К.; Курумбаева, Г. Д.; Карасартова, Ч. Ж. Программа по адаптационно-педагогическим практикам. – Бишкек: Аракет-принт, 2013. – 13 б.
19. Осмонов, Ө. Ж.; Керимова, Ш. К.; Жыргалбекова, Г. К. Кыргызстандын жана дүйнөнүн тарыхы: 5-класс. – Бишкек, 2018. – 207 б.
20. Осмонов, Ө. Ж.; Керимова, Ш. К.; Жыргалбекова, Г. К. Кыргызстандын жана дүйнөнүн тарыхы: 5-класс: мугалимдер үчүн колдонмо. – Бишкек, 2018. – 141 б.

21. Осмонов, Ө. Ж.; Керимова, Ш. К.; Жыргалбекова, Г. К. Кыргызстандын жана дүйнөнүн тарыхы: 6-класс. – Бишкек, 2018.
22. Осмонов, Ө. Ж.; Керимова, Ш. К.; Жыргалбекова, Г. К. Кыргызстандын жана дүйнөнүн тарыхы: 6-класс. – Бишкек, 2018. – 194 б.
23. Кыргызстандын жана дүйнөнүн тарыхы: 6-класс: мугалимдер үчүн колдонмо. – Бишкек, 2018. – 123 б.
24. Сулайманкулова Ж.К., Молдалиева А.Ж. Биринчи курстун студенттеринин жаңы окуу шарттарына адаптацияланууcунун өзгөчөлүктөрү //И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы 2025, 2/1. – 218 б.

**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты Элебесова А.Б.**